| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br><br>СУЗАК РАЙОНУ<br>ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ<br>ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК<br>ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

*ТОКТОМ*
*ПОСТАНОВЛЕНИЕ*

*«15» сентябрь 2022-жыл №13/1* *Жар-Кыштак айылы*

**ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКСИЗ XIII СЕССИЯСЫНЫН**
**Т О К Т О М У (көчүрмө)**

**Жергиликтүү курултайды чакыруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамын жетекчилике алып, Кыргыз Республикасынын Президентинин 15.08.2022-жылдагы №284 Жарлыгын аткаруу максатында, Биринчи Элдик курултайды өткөрүү боюнча Уюштуруу комитетинин чечими менен бекитилген Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынан жана шаарларынан делегеттарды шайлоо боюнча кадамдап аткарылуучу аракеттердин нускамасынын негизинде Ырыс айыл кеңешинин регламентине ылайык, күн тартибинде коюлган маселелерди депутаттар сессияда талкуулап, Ырыс айыл кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Биринчи Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча 2022-жылдын 5-ноябрь күнү саат 10:00 дө жергиликтүү курултай чакырылсын жана Ырыс маданият үйүнүн имаратында өткөрүлсүн.

2. Жергиликтүү курултайдын делегаттарынын жалпы санын, айылдар боюнча элдин санына карата делегаттарды көрсөтүү нормасы, делегаттарды шайлоо боюнча жер-жерлерде элдик жыйындарды жана чогулуштарды өткөрүүнүн графиги, ар бир жыйындарды жана чогулуштарды өткөрүүгө жоoптуу айыл кеңешинин депутаттарынын тизмеси №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Жергиликтүү курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобунун курамы №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.

4. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып Жалал-Абад областтык Юстиция башкармалыгына Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамынын 28-беренсине ылайык, ченемдик укутук актылардын мамлекеттик реестирине киргизүүгө жиберилсин (жооптуу А.Сатвалдиев).

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Төрага **Ш.Кадиркулов.**